**Премиум-жазылуу сервисин колдонуу тууралуу келишим түзүү жөнүндө**
**АЧЫК ОФЕРТА**

Мобилдик тиркемеде Премиум-жазылуу сервисин колдонуу тууралуу келишим түзүү жөнүндө бул Ачык оферта (мындан ары текст боюнча – «Оферта») Колдонуучуларга арналат жана «Грин Телеком Сервис» жоопкерчилиги чектелген коомунун (мындан ары текст боюнча – «Оператор») Мобилдик тиркемеде Премиум-жазылуу сервисин колдонуу тууралуу Колдонуучу менен келишим түзүү жөнүндө расмий ачык сунушу (мындан ары текст боюнча – «Келишим») болуп саналат. Ушул Офертанын текстинде Оператор менен Колдонуучу бирге айтылганда, алар «Тараптар» деп аталат.
Колдонуучу ушул Офертада каралган жана ушул Офертанын бардык шарттарын кандайдыр бир алып салуусуз же чектөөсүз, кошулуу шарттарында, толук жана шартсыз кабыл алууну (акцепт) билдирген иш-аракеттерди жасаган учурдан тартып Келишим түзүлдү деп эсептелет жана Келишим күчүнө ээ болот. Ушул Офертаны кабыл алуу (акцепт) боюнча иш-аракеттерди жасоо менен Колдонуучу Оператор менен келишимдик мамиле түзүүгө Колдонуучунун мыйзамдуу укугун жана чектөөлөрдүн жоктугун тастыктайт. Эгерде Колдонуучу бул Офертанын шарттары менен толук же жарым-жартылай макул болбосо, анда Колдонуучу Системаны жана/же Премиум-жазылууну колдонуудан баш тартууга милдеттүү.
Офертаны колдонуу мөөнөтү Премиум-жазылууну колдонуу мөөнөтү менен чектелет.
Келишимдин колдонуудагы версиясы Колдонуучу тарабынан Офертанын шарттарын кабыл алуу (акцепт) боюнча иш-аракеттер жасалганга чейин милдеттүү түрдө таанышып чыгуу үчүн Сайтта жана/же Мобилдик тиркемеде жайгаштырылган. Колдонуучу ушул Оферта боюнча кошумча маалыматтарды, Премиум-жазылууну колдонуу жөнүндө маалыматтарды, Келишимди бузуу, Тарифтердин өлчөмдөрү жана лимиттер жөнүндө маалыматтарды ала алат.

**1. Жалпы жоболор**
1.1. Бул Офертада колдонулган терминдер жана аныктамалар төмөнкүдөй маанилерге ээ:
**Мобилдик тиркеме** – «Мой О!+Банк» мобилдик тиркемеси, Android жана iOS операциялык системаларынын базасында (бирок алар менен чектелбестен) Системаны Колдонуучулар үчүн арналган программалык камсыздоо, ал төмөнкү максаттарда интернетке туташуу аркылуу Системада Премиум-жазылууну колдонууга мүмкүндүк берет: электрондук акчалар, байланган банктык карталар, төлөөчүнүн товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү жабдуучуда ачылган өздүк эсебине мурда салган каражаттарынын эсебинен ага кайтарылып берилүүчү акча каражаттар, авансnúmber/алдын ала төлөмдөр же алардын бөлүктөрү аркылуу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка Төлөм жүргүзүү ыкмалары жана инструменттери аркылуу финансылык транзакцияларды жүргүзүү, ошондой эле онлайн идентификациялоодон өтүүгө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка сервистерди колдонууга мүмкүндүк берет. Программалык камсыздоонун Колдонуучулар колдоно турган веб-версиясы болушу мүмкүн;
**Төлөм** – Кыргыз Республикасынын төлөм системасы аркылуу финансылык маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү (процессинг, клиринг) жана андан ары накталай эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча Системанын Оператору тарабынан кызмат көрсөтүү жолу менен акча каражаттарды берүү, ал кызмат көрсөтүүлөр, иштер, товарлар үчүн төлөө (анын ичинде аванстык төлөмдү төлөө) боюнча милдеттенмелерди аткаруу максатында Алуучунун же Жабдуучунун пайдасына Колдонуучу тарабынан ишке ашырылат;
**Премиум-жазылууну колдонуу мезгили** – эгерде Мобилдик тиркемеде түздөн-түз башка мөөнөт каралбаса, Премиум-жазылууну сатып алган күндөн кийинки күндөн тартып 30 (отуз) календардык күн, ал мөөнөттүн ичинде Системанын Колдонуучусу ушул Келишимде каралган шарттарда Премиум-жазылууну колдонуунун кийинки мезгилине автоматтык түрдө узартуу менен Мобилдик тиркеменин кошумча функцияларына жана Премиум-жазылууда каралган

Көбөйтүлгөн лимиттерге жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Премиум-жазылуунун мөөнөтү үзгүлтүксүз болуп саналат жана Колдонуучунун Премиум-жазылууну сатып алууга жумшаган акча каражаттарын толук же жарым-жартылай кайтарып берүү мүмкүнчүлүгүсүз Премиум-жазылуу мөөнөтү аяктаганга чейин Колдонуучунун каалоосу боюнча кыскартылбайт;

**Премиум-жазылуу** – Мобилдик тиркемеде жазылуу О!Прайм (O!Prime), ал Колдонуучуга Премиум-жазылуу колдонулган Мезгил ичинде Мобилдик тиркеменин кошумча функцияларын колдонуу жана Мобилдик тиркемеде жеткиликтүү болгон белгилүү бир Сервистер боюнча Оператор тарабынан көрсөтүлүүчү Кызматтарга карата Көбөйтүлгөн лимиттерди колдонуу мүмкүнчүлүгүн, Мобилдик тиркемеде жеткиликтүү болгон жана тизмеси Сайтта жана/же Мобилдик тиркемеде жайгаштырылган каалаган Сервистин пайдасына топтолгон бонустар менен төлөө мүмкүнчүлүгүн берет (жеке жактардын дарегине которууларды кошпогондо);

**Алуучу** – Колдонуучудан Төлөмдү алуучу жеке жак;

**Колдонуучу** – ушул Офертада каралган иш-аракеттерди жасоо жолу менен Оператор менен Келишим түзгөн жана Мобилдик тиркемеде жеткиликтүү болгон лимиттердин, инструменттердин жана сервистердин алкагында финансылык транзакцияларды (төлөмдөрдү) жүргүзүү максатында Системаны колдонуу укугуна ээ болгон жеке жак;

**Төлөөгө табыштама** – Төлөмдү ишке ашыруу үчүн Алуучунун дарегине Колдонуучунун ачык билдирген жана тиешелүү түрдө таризделген тапшырмасы;

**Сайт** – Оператордун интернетте http://www.dengi.kg дареги боюнча жайгаштырылган жалпыга жеткиликтүү расмий веб-сайты, ал аркылуу Колдонуучу Офертанын шарттары, лимиттери менен тааныша алат;

**Система** – ушул Келишимдин алкагында: «О!Деньги» төлөм системасы, ал Системанын Операторунун, Колдонуучулардын, Алуучулардын жана Жабдуучулардын ортосунда маалыматтык жана технологиялык өз ара иш алып барууну камсыз кылат;

**Тарифтер** – Оператор тарабынан белгиленүүчү жана алынуучу Премиум-жазылуунун наркы, аны Колдонуучу Премиум-жазылуунун алкагында жеткиликтүү болгон Мобилдик тиркемедеги функциялардын же сервистердин белгилүү бир топтомун колдонуу мүмкүнчүлүгү Оператор тарабынан берилиши үчүн төлөөгө милдеттүү. Тарифтердин өлчөмү жөнүндө маалымат Мобилдик тиркемеде Премиум-жазылууну төлөө учурунда жеткиликтүү болот жана Оператор тарабынан бир тараптуу өзгөртүлүшү мүмкүн;

**Лимиттер** – тизмеси Сайтта жана/же Мобилдик тиркемеде жайгаштырылган жана Премиум-жазылуунун алкагында сунушталган белгилүү бир Кызмат көрсөтүүлөр үчүн активдүү Премиум-жазылуусу жок Колдонуучуларга Төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн Оператор тарабынан белгиленген ар бир айдагы чектөөлөр. Лимиттер Оператор тарабынан Колдонуучуларга Мобилдик тиркемеде аныкталган өлчөмдө, Колдонуучу бир айда жүргүзө ала турган Төлөмдөргө жараша белгиленет;

**Көбөйтүлгөн лимиттер** – тизмеси Сайтта жана/же Мобилдик тиркемеде жайгаштырылган, Премиум-жазылуунун алкагында көрсөтүлгөн белгилүү бир Кызмат көрсөтүүлөр үчүн активдүү Премиум-жазылуусу бар Колдонуучуларга Төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн Оператор тарабынан белгиленген, Төлөмдөрдүн жол берилген суммаларынын Лимиттерге карата жогорулатылган өлчөмдөрү. Көбөйтүлгөн лимиттер Колдонуучуга Мобилдик тиркемеден ушул Келишимде белгиленген Тарифтерге жана шарттарга ылайык Премиум-жазылууларды сатып алууда жеткиликтүү болот. Көбөйтүлгөн лимиттер Колдонуучуга Премиум-жазылуусу жок Колдонуучулар үчүн Оператор тарабынан белгиленген лимиттерден ашык өлчөмдө жана өлчөмү Сайтта жайгаштырылган, Оператор тарабынан белгиленген лимиттердин чегинде Төлөмдөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берет;

**Кызмат көрсөтүүлөр** – өлчөмү Сайтта жайгаштырылган жана Оператор тарабынан белгиленген лимиттердин чегинде Системанын Колдонуучусуна сунушталган Мобилдик тиркемени колдонуу менен төлөм жүргүзүүгө Табыштамаларды аткарууну камтыган,

Мобилдик тиркемедеги жеткиликтүү Сервистердин жыйындысынын алкагында Колдонуучулардын Төлөмдөрүн жүзөгө ашыруу боюнча Оператор тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар.
1.2. Сайттагы жана/же Мобилдик тиркемедеги бардык тексттик маалыматтар жана графикалык сүрөттөр Оператордун жана/же анын өнөктөштөрүнүн жеке менчиги болуп саналат. Ар кандай материалдарды кайра басып чыгаруу, ар кандай формада кайра чыгаруу Оператордун алдын ала жазуу жүзүндөгү уруксаты менен гана ишке ашырылышы мүмкүн. Мындай материалдар маалыматтык, коммерциялык эмес же жеке максаттарда гана колдонулушу мүмкүн.
1.3. Ушул Офертанын бардык шарттарын кабыл алуу менен Колдонуучу каттоо учурунда Мобилдик тиркемеде көрсөтүлгөн телефон номерине жөнөтүлгөн маалыматтык/жарнамалык мүнөздөгү материалдарды алууга макулдугун билдирет.

**2. Келишимдин предмети**

2.1. Офертанын шарттарында түзүлгөн Келишимдин предмети болуп Оператор тарабынан Колдонуучуга Премиум-жазылуунун алкагында Мобилдик тиркеменин кошумча функцияларын колдонуу жана тизмеси Премиум-жазылуу колдонулуп жаткан мезгил ичинде Сайтта жана/же Мобилдик тиркемеде жайгаштырылган жана Мобилдик тиркемеде жеткиликтүү болгон белгилүү сервистер боюнча Оператор тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар боюнча Көбөйтүлгөн лимиттерди колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүү саналат, ал эми Колдонуучу Премиум-жазылуунун наркын Оператор тарабынан белгиленген Тарифтерге ылайык төлөөгө милдеттенет. Ошол эле учурда, Премиум-жазылуунун наркы туруктуу бойдон калат жана Премиум-жазылууну колдонуу мезгилинде Колдонуучуга жеткиликтүү болгон Кызмат көрсөтүүлөрдүн жана сервистердин иш жүзүндө колдонулган көлөмүнө көз каранды эмес.
2.2. Бул Оферта «О!Деньги» системасын колдонуу тууралуу Ачык Офертанын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. КР ЖКнын 399-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Колдонуучу ушул Офертанын шарттарын толук жана шартсыз кабыл алган (акцепт) жана ушул Офертада баяндалган шарттарда Келишим түзгөн учур болуп, Мобилдик тиркемеде «Тастыктоо» баскычын басуу жолу менен Премиум-жазылууну сатып алган учур же Мобилдик тиркеменин форматында жол берилген Премиум-жазылууну Колдонуучу сатып алгандыгы жөнүндө башка ырастоочу жооп эсептелет.
2.3. Оператор Колдонуучуга ушул Оферта менен аныкталган шарттарда Мобилдик тиркемеде Премиум-жазылуу сервистерин колдонуу мүмкүнчүлүгүн берет.

**3. Тараптардын укуктары жана милдеттери**

3.1. Оператордун укуктары:
3.1.1. Оператор ушул Офертанын шарттарына, Тарифтерге жана Лимиттерге, ошондой эле бир тараптуу тартипте көрсөтүлүүчү Кызматтардын тизмесине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу. Жаңыртылган маалыматты Сайтка жана/же мобилдик тиркемеге жайгаштыруу аркылуу Оператор бардык өзгөртүүлөр жөнүндө Колдонуучуга кабарлайт. Эгерде Оператор тарабынан башкача көрсөтүлбөсө, өзгөртүүлөр алар жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет;
3.1.2. Колдонуучу тарабынан Офертанын шарттарын же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуулар болгону аныкталган учурда Оператор Колдонуучунун Премиум-жазылууга же айрым сервистерге кирүү мүмкүнчүлүгүн убактылуу чектөөгө укуктуу. Оператор Колдонуучуга Мобилдик тиркеме же башка жеткиликтүү ыкмалар аркылуу кирүүгө чектөө коюунун себептери жөнүндө кабарлоого милдеттенет. Оператор профилактикалык жана техникалык иштерди жүргүзүүгө укуктуу, анын жүрүшүндө Премиум-жазылуунун алкагында Мобилдик тиркемеге же айрым сервистерге кирүү убактылуу токтотулушу мүмкүн. Оператор дароо кийлигишүүнү талап кылган учурларды кошпогондо, Колдонуучуга бул жөнүндө алдын ала кабарлоого милдеттенет;

3.1.3. Оператор Колдонуучудан анын инсандыгын тастыктоо үчүн же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу үчүн кошумча маалыматтарды жана документтерди талап кылууга укуктуу;
3.1.4. Эгерде Мобилдик тиркемени мыйзамсыз колдонуу же ушул Офертанын шарттарын бузуу фактылары аныкталса, Оператор Премиум-жазылууну жокко чыгарууга же Кызматтарды колдонууну чектөөгө укуктуу.
3.2. Оператордун милдеттери:
3.2.1. Оператор колдонуудагы Тарифтерге ылайык төлөмдү төлөгөндөн кийин Колдонуучуга Премиум-жазылууну жана тиешелүү Кызматтарды колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттенет;
3.2.2. Оператор Колдонуучуга Сайт жана/же Мобилдик тиркеме аркылуу Премиум-жазылуунун шарттарындагы, Тарифтердеги жана Лимиттердеги ар кандай өзгөрүүлөр тууралуу ыкчам маалымдоого милдеттенет;
3.2.3. Оператор Мобилдик тиркеменин талаптагыдай иштешин камсыз кылууга жана аныкталган техникалык кемчиликтерди өз убагында жоюуга милдеттенет.
3.3. Колдонуучунун укуктары:
3.3.1. Колдонуучу ушул Офертанын шарттарына ылайык төлөмдү төлөгөндөн кийин Премиум-жазылууга мүмкүнчүлүк алууга укуктуу;
3.3.2. Колдонуучу Тарифтер, Лимиттер, Премиум-жазылуунун шарттары жана Кызмат көрсөтүүлөргө байланыштуу өзгөрүүлөр тууралуу маалымат алууга укуктуу;
3.3.3. Колдонуучу Мобилдик тиркеме аркылуу Операторго тиешелүү суроо-талапты жөнөтүү менен каалаган убакта Премиум-жазылуудан баш тартууга укуктуу. Бул учурда, Премиум-жазылуунун наркын Колдонуучуга толук/жарым-жартылай кайтаруу жүргүзүлбөйт;
3.3.4. Колдонуучу Премиум-жазылууну жана башка Кызматтарды колдонууга байланышкан маселелер боюнча Оператордун колдоо кызматына кайрылууга укуктуу;
3.3.5. Колдонуучу Оператордон ушул Офертанын шарттарына жана көрсөтүлгөн Кызматтарга тиешелүү маселелер боюнча түшүндүрмөлөрдү талап кылууга укуктуу.
3.4. Колдонуучунун милдеттери:
3.4.1. Колдонуучу ушул Офертанын шарттарын, ошондой эле Оператор тарабынан белгиленген Мобилдик тиркемени колдонуу эрежелерин сактоого милдеттенет;
3.4.2. Колдонуучу Мобилдик тиркемедеги өзүнүн эсептик маалыматтарын (логин, пароль ж.б.) үчүнчү жактарга бербөөгө жана алардын купуялуулугун камсыз кылуу үчүн чараларды көрүүгө милдеттенет;
3.4.3. Колдонуучу анын Мобилдик тиркемедеги эсептик жазуусуна (аккаунтуна) уруксатсыз кирүү болгону же мындай аракеттерге шектенүүлөрү бар экендиги жөнүндө Операторго дароо билдирүүгө милдеттенет;
3.4.4. Колдонуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын же үчүнчү жактардын укуктарын бузган иштерди жүзөгө ашыруу үчүн же кардар берген идентификациялык маалыматтарга туура келбеген иштерди жүзөгө ашыруу үчүн Мобилдик тиркемени жана Премиум-жазылууну колдонбоого милдеттенет.

**4. Премиум-жазылууну сунуштоо жана ал үчүн төлөө тартиби**

4.1. Премиум-жазылуу үчүн төлөө Колдонуучу тарабынан Мобилдик тиркемедеги «Ырастоо» баскычын басуу аркылуу же Мобилдик тиркеменин форматында уруксат берилген Премиум-жазылууну сатып алуу жөнүндө башка ырастоочу жооп аркылуу жүргүзүлөт.
4.2. Төлөм ийгиликтүү төлөнгөндөн кийин, Премиум-жазылуу автоматтык түрдө активдештирилет жана Колдонуучу Премиум-жазылууда каралган Мобилдик тиркеменин Көбөйтүлгөн лимиттерин жана кошумча функцияларын колдонуу мүмкүнчүлүгүн алат.
4.3. Премиум-жазылуу үчүн төлөм Колдонуучунун Мобилдик тиркемедеги эсебинен тиешелүү суммадагы акча каражаты чыгарылганын Оператор ырастагандан кийин аяктады деп эсептелет.

4.4. Премиум-жазылууну төлөө үчүн акча каражаты жетишсиз болгон учурда, Оператор керектүү сумма ийгиликтүү эсептен чыгарылганга чейин Премиум-жазылуунун алкагында жеткиликтүү сервистерди жана кызматтарды колдонууну токтото турууга укуктуу.

**5. Тараптардын жоопкерчилиги**

5.1. Тараптар ушул Оферта боюнча милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

5.2. Колдонуучу үчүнчү жактардын Колдонуучунун атынан Колдонуучунун түзмөгүнө орнотулган Мобилдик тиркеме аркылуу, ошондой эле Колдонуучунун түзмөгүнө орнотулган тиркемелер жана программалар аркылуу же анын Мобилдик тиркемедеги идентификациялык/аутентификациялык/эсептик маалыматтары аркылуу жасаган бардык аракеттери үчүн, анын ичинде Операторго көз каранды болбогон себептерден улам кирүү мүмкүнчүлүгүн жоготкон учурда, Оператор Колдонуучудан тиешелүү билдирүүнү алганга чейин тобокелдиктерди жана жоопкерчиликти тартат.

5.3. Оператор техникалык платформалардын жана транспорттук тармактардын же байланыш тармактарынын ишинин кечеңдеши жана үзгүлтүккө учурашы үчүн Колдонуучунун алдында жоопкерчилик тартпайт, эгерде алардын пайда болушунда Оператордун күнөөсү жок болсо.

**6. Келишимди түзүү тартиби жана аны колдонуу мөөнөтү**

6.1. Бул Келишим Оператор менен Колдонуучунун ортосунда кошулуу келишими формасында түзүлөт (Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 387-беренеси).

6.2. Колдонуучу Сайтта же Колдонуучунун түзмөгүндө орнотулган Мобилдик тиркемеде ушул Офертанын жана Келишим түзүүнүн шарттары менен таанышып чыккандан кийин, Тарифтердин белгиленген өлчөмүнө ылайык Премиум-жазылуу үчүн акы төлөгөндөн кийин ушул Келишимде каралган тартипте ушул Офертанын жана Келишим түзүүнүн шарттарын толук жана шартсыз кабыл алат (акцепт).

6.3. Келишимдин шарттарын кабыл алуу (акцепт) Системанын Колдонуучусу тарабынан Келишимдин бардык шарттары эч кандай алып салуусуз жана/же чектөөсүз толук жана шартсыз кабыл алынганын билдирет жана Мобилдик тиркемеде Премиум-жазылуу сервисин колдонуу жөнүндө эки тараптуу жазуу жүзүндөгү келишим түзгөнгө барабар.

6.4. Келишим Премиум-жазылуу колдонулган мезгилдин ичинде же Келишимдин шарттарында жана/же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдеринде аныкталган негизде бузулганга чейин колдонулат.

**7. Келишимди өзгөртүү жана бузуу**

7.1. Оператор Сайтка өзгөртүүлөрдү жарыялоо жолу менен бир тараптуу түрдө Келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу. Өзгөртүүлөр жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет, эгерде өзгөртүүлөрдү жарыялоо учурунда анын күчүнө киришинин башка мөөнөтү кошумча белгиленбесе. Колдонуучу Келишимдин шарттарын өзгөртүүгө макул болбогон учурда, ал Келишимди аткаруудан баш тартууга укуктуу.

7.2. Келишимге өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин Колдонуучунун Премиум-жазылуунун алкагында Системаны колдонуусун Тараптар анын бардык киргизилген өзгөртүүлөргө макулдугу деп түшүнүшөт.

7.3. Оператор Келишимди аткаруудан баш тартуунун болжолдонгон датасына чейин кеминде 10 (он) календардык күн мурда Колдонуучуга алдын ала кабарлоо менен бул Келишимди аткаруудан бир тараптуу түрдө, сотко кайрылуусуз баш тартууга укуктуу. Оператор мындай билдирүүнү Мобилдик тиркемедеги Системанын жеткиликтүү каражаттар аркылуу жөнөтүүгө укуктуу. Аталган билдирүү жөнөтүлгөндөн кийин 10 (он) календардык күн өткөндөн кийин Келишим токтотулду деп эсептелет.

7.4. Келишим ушул Келишимде жана/же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча да токтотулушу мүмкүн.

**8. Корутунду жоболор**

8.1. Бул Оферта Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

8.2. Ушул Келишимди аткарууга байланыштуу талаш-тартыштар же пикир келишпестиктер келип чыккан учурда, Тараптар аларды сүйлөшүү жана өз ара макул болуу жолу менен жөнгө салуу үчүн бардык акылга сыярлык аракеттерди көрүүгө милдеттенишет. Бул үчүн, өзүнүн укуктары бузулду деп эсептеген Тарап экинчи Тарапка жазуу жүзүндө доо-талап жөнөтөт, анда доо-талаптын себеби жана талап кылынган иш-аракеттер чагылдырылат. Доо-талапты кароо жана ага жооп берүү мөөнөтү доо-талап алынган учурдан тартып 30 (отуз) календардык күндү түзөт.

8.3. Өз ара алгылыктуу чечимге келбеген учурда, Тарап талаш маселени Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте Оператор жайгашкан жердеги сотко берет. Ошондой эле Колдонуучу соттук териштирүүнүн тили расмий (орус) же мамлекеттик (кыргыз) тил болоруна макул болот.

8.4. Эгерде Офертанын жоболорунун бири жараксыз же мыйзамсыз деп таанылса, бул калган жоболордун жарактуулугуна таасир этпейт.

8.5. Ушул Офертада каралбаган башка бардык нерселерде Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алышат.